| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 1-сессиясы**

**28.11. 2024 № 1-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 мыйзамынын 40-беренесин жетекчиликке алып, айылдык кеңештин төрагасын шайлоо боюнча түзүлгөн эсептөө комиссиясынын токтомунун негизинде Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Сессияга катышкан депутаттардын көпчүлүк 19 добушуна ээ болгон Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаты Сатвалдиев Абдижалил Алиевич Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасы болуп шайлансын.

2. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасы болуп шайланган Сатвалдиев Абдижалил Алиевичке айылдык кеңешке тиешелүү иш кагаздары боюнча иш алып баруу милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Дөбө-Коргон айылдык**
**кеңешине төрагалык кылуучу** **Б.Абдивалиева**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 1-сессиясы

**28.11. 2024 № 1-2** **Кайрагач-Арык айылы**

.

### Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 мыйзамынын 41-беренесин жетекчиликке алып жана айылдык кеңештин регламентине ылайык, айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаты Махамматов Нозимжон Артикназарович Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары болуп дайындалсын.

2. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаты Холматов Шерзодбек Холкизиевич Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин төрагасынын экинчи орун басары болуп дайындалсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 1-сессиясы**

**28.11. 2024 № 1-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» №271 Жарлыгына жана Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2023-жылдын 16-декабрындагы № 6 чечими менен бекитилген “Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Достук айыл аймагында III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү максатында Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Элдик Курултайдын катчылыгы бекиткен календардык планга ылайык, Дөбө-Коргон айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйыны **2024-жылдын 7-декабрында** өткөрүлсүн.
2. Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2023-жылдын 16-декабрындагы №6 чечими менен бекитилген “Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Дөбө-Коргон айыл аймагында кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 1-тиркемеге ылайык,
- **2024-жылдын 7-декабрында өткөрүлүүчү** өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 200 катышуучунун санын айылдарга бөлүнүшү 2-тиркемеге ылайык;
- айылдарда коомдук жыйындарды өткөрүү графиги жана ага жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттары 3-тиркемеге ылайык.

3. Дөбө-Коргон айыл аймагында III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ жана жергиликтүү кеңештин жооптуу депутаттары айылдарда өтүүчү жыйындардын өз убагында сапаттуу өткөрүлүшүн камсыз кылышсын.

4. Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча айылдык кеңештин токтомдорун, коомдоштуктардын жана өкүлчүлүктүү жыйындардын протоколдорун мөөнөтүнөн кечиктирбестен Араван районунун мамлекеттик администрациясынын уюштуруу бөлүмүнө берүү жагы Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин жоопту катчысы М.Муминовага жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын 1-сессиясы**

**28.11. 2024 № 1-4 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында № 171 контурунда жайгашкан 7,10 га айыл чарба багытындагы жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесин, айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонд жерине алмаштыруу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан айыл аймагына консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурундагы 7,10 га айыл чарба багытында жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесин, үлүш ээлеринин макулдугу менен аларга айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жеринен жер үлүшү ажыратып берүүгө Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан макулдук берүү боюнча сунушу айылдык кеңеш депутаттары тарабыннан талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, Кадастр, Геодезия жана Кортография боюнча Мамлекеттик Агенттик "КыргызМамЖерДолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ош филиалы тарабынан 27.11.2024-жылда берилген № 01-8-885 сандуу корутунду негизинде, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" № 123 Мыйзамына ылайык Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурунда айыл чарба багытында ,жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесинде үлүш ээлеринин макулдугу менен 7,10 га жер тилкеси айыл аймагына консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында № 171 контурундагы айыл чарба багытындагы жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесиндеги үлүш ээлерине Дөбө-Коргон айыл аймагында мамлекеттик фонд жерлеринен жер үлүшү ажыратып,берүүгө макулдук берилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурунда айыл чарба багытында жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесинде үлүш ээлерини макулдугу менен 7,10 га жер тилкеси айыл аймагына консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында № 171 контурундагы айыл чарба багытындагы жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесиндеги үлүш ээлерине Дөбө-Коргон айыл аймагында мамлекеттик

3. фонд жерлеринен жер үлүшү ажыратып берүү боюнча тиешелүү иш кагаздарыны даярдоо боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн жетекчилигине сунушталсын.
4. Токтомду аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын 1-сессиясы

**28.11. 2024 № 1-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында № 171 контурунда жайгашкан 7,10 га айыл чарба багытында жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесини айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонд жерине алуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан айыл аймагына консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурундагы 7,10 га айыл чарба багытындагы жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесинде үлүш ээлерини макулдугу менен аларга айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жеринен, жер үлүшү ажыратып, берилип жаткандыгына байланыштуу, Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурундагы айыл чарба багытындагы жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги 7,10 га жер тилкесини мамлекеттик фонд жерлерине алуу боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан макулдук берүү боюнча сунушу айылдык кеңеш депутаттары тарабыннан талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, Кадастр, Геодезия жана Кортография боюнча Мамлекеттик Агенттик “КыргызМамЖерДолбоорлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ош филиалы тарабынан 27.11.2024-жылда берилген № 01-8-885 сандуу корутунду негизинде, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрында “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” № 123 Мыйзамына ылайык Дөбө-Коргон айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурунда айыл чарба багытында жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесиндеги үлүш ээлерини макулдугу менен 7,10 га жер тилкесини айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жерлерине өткөрүүгө макулдук берилсин

2.Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурунда айыл чарба багытындаг жер үлүшүнөн пайдаланууга берилген жеке менчиктеги жер тилкесинде үлүш ээлерини макулдугу менен 7,10 га жер тилкесини айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жерлерине өткөрүү боюнча тиешелүү иш кагаздарынын даярдоо боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын**
**1-сессиясы**

**28.11. 2024 № 1-6** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында № 171 контурунда жайгашкан айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жерине консерва заводу куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында 7,10 га жер тилкесини багытын өзгөртүү (трансформациялоо) жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан айыл аймагына консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында Какыр-Пилтан айылында жайгашкан айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонд жерине алынган № 171 контурундагы 7,10 га жер тилкесини багытын өзгөртүү (трасформациялоо ) үчүн Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан макулдук берүү боюнча сунушу айылдык кеңеш депутаттары тарабыннан талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, Кадастр, Геодезия жана Кортография боюнча Мамлекеттик Агенттик “КыргызМамЖерДолбоорлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ош филиалы тарабынан 27.11.2024-жылда берилген № 01-8-885 сандуу корутунду негизинде, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” № 123 Мыйзамына ылайык Дөбө-Коргон айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурундагы айыл чарба багытында мамлекеттик фонд жерлеринен консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатын багытка өзгөртүү (трансформациялоо ) үчүн Араван районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан түзүлгөн райондук жер комиссиясына сунушталсын.
2. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Какыр-Пилтан айылында жайгашкан № 171 контурунда айыл чарба багытындагы мамлекеттик фонд жерлеринен консерва заводун куруу жана логистикалык борбор ачууга инвестиция тартуу максатында 7,10 га жер тилкесини максаттуу багытка өзгөртүү (трансформациялоо ) үчүн, Араван районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан түзүлгөн райондук жер комиссиясына тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы айыл өкмөтүнүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышыны көзөмөлдөө жагы  жер маселелери боюнча жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 1-сессиясы**

**28.11. 2024 № 1-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Айыл өкмөттүн аймагында мыйзамсыз деп эсептелген МФЖ жерлерин бир тараптуу бузуп,кайрадан аукцион өткөрүү, мөөнөтү аяктаган МФЖ жерлерини кайрадан ижарага берүү үчүн, айылдык кеңештин депутаттарынан комиссия курамына жана төрагасына комиссия түзүү, берилген МФЖ жерлерин баасын 100 пайызга көтөрүү жөнүндө.**

1. Айыл өкмөттүн аймагында мыйзамсыз деп эсептелген МФЖ жерлерин, бир тараптуу бузуп, кайрадан аукцион өткөрүп, ижарачыларга мыйзамдаштырып берүү боюнча иш алып барууга макулдук берилсин
2. Жогорудагы мыйзамсыз берилген МФЖ жерлерин жана мөөнөтү аяктаган МФЖ жерлерини кайрадан ижарага берүү үчүн айылдык кеңештин депутаттарынан комиссия курамына жана төрагасына төмөнкү депутаттар жана айыл өкмөт кызматкерлери шайлансын.

1. Киргизбаев Ш- төрага
   Мүчөлөрү:
2. Мамадалиев Д
3. Акрамов М
4. Ахмедов Б
5. Ахмадалиева Г
6. Шамшидинов У
7. Касимова Ж
8. Бурхонов С
9. Куранбаев М
10. Тойчиев И- Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси.
11. Эргашев А- Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн бузуулар боюнча адиси
12. Акулов Т- Дөбо-Коргон айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы
13. Игамназаров А- айыл башчы
14. Расулов М- айыл башчы
15. Мирзаев А- айыл башчы
16. Касимов М- айыл башчы
17. Бурханов П- айыл башчы

18. Мурадалиев А-айыл башчы
19. Джураев И-айыл башчы

3. Азыркы учурда мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтү боюнча берилген МФЖ жерине баштапкы баасы 10800 сом болуп белгиленген, ал эми мурдагы Нурабад айыл өкмөтү боюнча МФЖ жерлерин баштапкы баасы 24000 сом болуп белгиленген, Ошондуктан айыл аймакта МФЖ жерлерини баштапкы баасын бирдей болушуну камсыздоо үчүн мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтү тарабынан берилген МФЖ жерлерини баасын 100%га көтөрүнүү көрүп чыгуу жагы жогоруда түзүлгөн комиссия курамына сунушталсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларын шайлоо жөнүндө**

Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларын шайлоо боюнча Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин туруктуу комиссиялары жана төрагалары түзүлсүн.

2. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин туруктуу комиссиялары жана төрагаларынын тизмеси тиркелсин.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин туруктуу комиссиялары жана төрагалары тизмеси**

| № | Аты -жөнү | |
|---|---|---|
| 1. | **Жер маселеси боюнча туруктуу комиссия** | |
| 1 | Разаков Шакиржан Эргашбаевич | **төрага** |
| 2 | Мамадалиев Данияр Абдулазизович | мүчө |
| 3 | Акрамов Мирзалим Акбарович | мүчө |
| 4 | Касимова Хумора Ихволдиновна | мүчө |
| 5 | Ахмадалиева Гавхарой Мухтаровна | мүчө |
| 6 | Киргизбаев Музафаржон Кенжаевич | мүчө |
| 7 | Идрисов Жавлонбек Хабибуллаевич | мүчө |
| 8 | Сайибжалалова Назгул Абдумуталибовна | мүчө |
| 9 | Матрузиева Рафи Тургунбаевна | мүчө |
| 2 | **Бюджет боюнча туруктуу комиссия** | |
| 1 | Шамшидинов Учкунбек Тухтамуродович | **төрага** |
| 2 | Бурханов Совет Ахмадалиевич | мүчө |
| 3 | Куранбаев Мырзабек Ганижанович | мүчө |
| 4 | Юсупова Малохатхон Собировна | мүчө |
| 5 | Юлдашева Дилрабо Тоиржановна | мүчө |
| 6 | Темиров Мамасадык Караевич | мүчө |
| 7 | Худайназаров Абдулхаким Абдиназарович | мүчө |
| 8 | Ахмедов Бегматжан Халматович | мүчө |
| 9 | Жораев Сардорбек Абдисаматович | мүчө |
| **3** | **Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия** | |
| 1 | Маманова Зейнегул | **төрага** |
| 2 | Абакулова Танзила | мүчө |
| 3 | Османалиева Чынара | мүчө |
| 4 | Турсунова Севара | мүчө |
| 5 | Анарбаева Дилноза | мүчө |
| **4** | **Мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссия** | |
| 1 | Абдивалиева Бүайшахон | **төрага** |
| 2 | Эргашева Дилафза Сатвалдиевна | мүчө |
| 3 | Эсанова Дилрабахан Эргашовна | мүчө |
| 4 | Касимова Жаннатхан Турсиновна | мүчө |
| 5 | Арзибеков Бахадиржан | мүчө |
| | | |

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Арап айылынын Т.Тороев көчөсүнө асфальт каражаты жетпей калган 300 метр жерге 2024-жылдын эсебинен акча бөлүп берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын Арап айылынын тургундарынын Т.Тороев көчөсүнө асфальттоо үчүн акча каражаты жетпей калган 300 метр жерге, 2024-жылдын эсебинен 2 млн сом акча ажыратып, берүүгө макулдук берүү боюнча жазган арызы Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Арап айылынын Т.Тороев көчөсүнө асфальттоо үчүн акча каражаты жетпей калган 300 метр жерге, 2024-жылдын эсебинен эки млн сом акча ажыратып,берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Интернационал жаңы конуштарынын үч көчөсүнө 4 км жерине щебень төгүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын Интернационал жаңы конуштарынын тургундарынын 3 көчөлөрүнө 4 км жерине щебень төктүрүп берүү боюнча жазган арызы Дөбө- Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Интернационал жаңы конуштардын үч көчөсүнө 4 км жерине щебень төктүрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-4** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Көк сарай участкасынын аты жок көчөсүнө Төлөйкөн-2 атын коюу жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын Көк сарай участогунда жашаган тургундары Көк-сарай участкасынын аты жок көчөсүнө Төлөйкөн-2 наамын коюу боюнча жазган сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Көк сарай айылындагы намы жок көчөгө Төлөйкөн-2 наамын берүүгө макулдук берилсин.

2. Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагындагы Х.Исмаилов көчөсүнүн асфальтто иштерин кыш мезгилин келип калгандыгана байланыштуу жолдун асфальттоо иштерин токтотуу жөнүндө.**

Х.Исмаилов көчөсүнүн асфальтто иштери башталган, бирок жаан чачын болуп жана кыш мезгили келип калгандыгына байланыштуу жолдун асфальттоону 2025-жылдын 6 ай ичинде аткаруу тууралу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы Х.Исмаилов көчөсүнүн асфальттоо иштерин кыш мезгили келип калгандыгына байланыштуу жана кее бир себептер менен жолдун асфальттоону токтотуп, керектүү документтерди даярдоо иштери айыл өкмөткө сунушталсын.

2. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-6** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан “Мир” суу насостук станциясын Араван райондук Суу башкармалыгын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан “Мир” суу насостук станциясын Араван райондук суу башкармалыгын балансына өткөрүп берүү боюнча Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында жайгашкан мурдагы Ленин колхозу убагында курулган “Мир” насостук станциясы жеке менчикке өтүп кеткендигине байланыштуу мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн жетекчилигне сунушталсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети айылдык кеңешинин туруктуу мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынында А.Саламов мектебинин абалы жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынында А.Саламов мектебинин абалы начардыгына байланыштуу окуучуларды башка мектепке көчүрүү тууралу сунушу Дөбө-Корон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында А.Саламов мектебинин окуучуларына окуу үчүн шарт түзүү боюнча тиешелүү ишкана мекемелерге жеткирүү айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**11.12. 2024 № 2-8** **Кайрагач-Арык айылы**

**Интернационал айылында Ак тилек участкасында кичи футбол талаасынын чатырын жабуу жөнүндө.**

Дөбө- Коргон айыл аймагында Интернационал айылында Ак тилек участкасында кичи футбол талаасынын чатырын жабуу боюнча сунушу Дөбө-Корон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап, **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында Интернационал айылынын Ак тилек участкасында кичи футбол талаасынын чатырын жабуу жана кичи футбол аянтчасынын курулушун аягына чыгаруу үчүн керектелүүчү каражат Араван райондук өнүктүрүү фондунан суралсын.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Интернационал айылынын Ак тилек участкасында курулуп жаткан кичи футбол аянтчасынын курулушун аягына чыгаруу үчүн Кыргыз Ресиубликасы Финанс министрлигинин алдындагы өнүктүрүү фондусунун,гранттынын алкагында, айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджеттинен 500000 ( Беш жүз миң ) сом бөлүп берилсин.
3. Жогорудагы долбоорду ишке ашырууга зарыл болгон финансылык каражаттарды таап, мыйзам чегинде аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана каржы маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы

**23.12. 2024 № 3-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айылдык кеңештин регламентин бекитүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин регламентин бекитүү боюнча Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин регламенти бекитилсин.
2. Регламентти аткарылышын көзөмөлдөө туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы

**23.12. 2024 № 3-2** **Кайрагач-Арык айылы**

### Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иш планын бекитүү жөнүндө

Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иш планы Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иш планы бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтүнүн такталбаган айыл чарба багытында Мамлекеттик фонд жерлерин 50 % Араван райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына өткөрүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтүнүн такталбаган айыл чарба багытындагы Мамлекеттик фонд жерлерини 50% Араван райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына өткөрүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министерлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №309 токтому жана 2022-жылдын 9-сентябрындагы токтомун жетекчиликке алуу максатында райондук Айыл чарба өнүктүрүү башкармалыгына Дөбө-Коргон айыл аймагындагы мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтүнүн такталбаган айыл чарба багытындагы Мамлекеттик фонд жерлерин 50% Араван райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтүнүн такталбаган айыл чарба багытындагы Мамлекеттик фонд жерлерин 50% Араван райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына өткөрүү боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу айыл өкмөтүнүн жетекчилигине сунушталсын.

3. Токтомду көзөмөлдөө жер боюнча жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн .

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-4** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагындагы аукционго коюлучу МФЖ жерлерин баасын белгилөө жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин айыл аймагындагы МФЖ жерлерин баасын белгилөө боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы келишими бүткөн жана келишими жок МФЖ жерлерин аукционго коюуга макулдук берилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы мурдагы Тепе-Коргон айыл өкмөтүнө тиешелүү болгон МФЖ жерлерин баасын 50 % га көтөрүүгө макулдук берилсин.
3. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы МФЖ жерлерин аукционго берүү боюнча иштерди аткаруу айыл өкмөттүн жер адисине сунушталсын.
4. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА, ИСКАКБ Жайыт жана тазалык комитеттери коомдук бирикмелерин бириктирип , "Дөбө-Коргон" муниципалдык ишканаларын түзүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА "Дөбө-Коргон" муниципалдык ишканасын түзүү боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,
**токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА муниципалдык ишканасы түзүү үчүн макулдук берилсин.

2. Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-6** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА, ИСКАКБ Жайыт жана тазалык комитеттери коомдук бирикмелерин бириктирип , “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканаларын түзүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы ИСКАКБ “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканасынын түзүү боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында ИСКАКБ муниципалдык ишканасы түзүү үчүн макулдук берилсин.

2. Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА, ИСКАКБ Жайыт жана тазалык комитеттери коомдук бирикмелерин бириктирип , “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканаларын түзүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы Жайыт “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканасынын түзүү боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында Жайыт муниципалдык ишканасы түзүү үчүн макулдук берилсин.
2. Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-8** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында СПА, ИСКАКБ Жайыт жана тазалык комитеттери коомдук бирикмелерин бириктирип , “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканаларын түзүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагында Тазалык “Дөбө-Коргон” муниципалдык ишканасын түзүү боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап, **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында Тазалык муниципалдык ишканасы түзүү үчүн макулдук берилсин.

2. Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-9** **Кайрагач-Арык айылы**

**Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерлерди көрсөткөн протоколдорду бекитүү жөнүндө.**

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардан чыккан талапкерлерди көрсөткөн протоколдорду бекитүү боюнча сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1. Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардан чыккан талапкерлерди көрсөткөн протоколдор бир добуштан бекитилсин.

2. Жогорудагы протоколдордо көрсөтүлгөн талапкерлерди Аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына бекитип берүү Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынан суралсын.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 3-сессиясы**

**23.12. 2024 № 3-10** **Кайрагач-Арык айылы**

**Япчан айылынын тургуну Юлдашева Нигорой Вохидовнанын арызы жөнүндө**

Япчан айылынын тургуну Юлдашева Нигорой Вохидовна М.Умаров көчөсүндөгү №110 үй идентификациялык номери 5-05-05-1001-2042 386,0 кв.м жерди турак жай багытынан коммерциялык багытын өзгөртүп берүү боюнча арызы Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айылыныздагы Япчан айылынын тургуну Юлдашева Нигорой Вохидовна М.Умаров көчөсүндөгү №110 үй идентификациялык номери 5-05-05-1001-2042 386,0 кв.м жерди турак жай багытынан коммерциялык багытына өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкелерин багыттарын өзгөртүү боюнча тиешелүү мекемелер менен мыйзам чегинде карап, иш алып баруу Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адисине сунушталсын.

3. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы**

**17.01. 2025 № 4-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү тарабынан 2024-жылда жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн финансылык- экономикалык бөлүмү тарабынан 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жөнүндө ФЭБ башчысы Т.Акуловдун маалыматы айылдык кеңештин депутаттары тарабынан угулуп, талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдун 2025-жылда жергиликтүү бюджетин аткарылышы боюнча алып барган иштери «Канааттандырарлык » деп табылсын.

2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына карата киреше боюнча калдыгы бардыгы болуп 25900,4 миң сом, анын ичинен атайын каражат эсебинен калдыгы 23410,4 миң сом,бюджеттик счеттун калдыгы 2490,0 миң сом акча каражаттарын пайдалануусу № 1тиркемеге ылайык белгиленсин. (№ 1-тиркеме тиркелет.)

3. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына карата киреше калдыгын пайдалануусу үчүн Каржы министрлигинин Араван башкармалыгына сметаларды даярдап тапшыруу жагы ФЭБ башчысы Т.Акуловго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети айылдык кеңештин экономика , бюджет жана каржылоо маселелери боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин
2-чакырылыш 4-сессиясынын
01-токтомуна
№ 1 тиркеме

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн калдыгын пайдалануусу төмөндөгүчө.

| Берененин аталышы | Берене | Сумма | Түшүндүрмо |
|---|---|---|---|
| Аппарат | | | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 1276,5 | |
| Учурдагы ремонт | 3112 | 1200,0 | |
| Телефон жана интернет | 2222 | 850,0 | |
| Жалпысы: | | 3326,5 | |
| Айыл чарбасы | | | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 900,0 | |
| Жалпысы: | | 900,0 | |
| ЖКХ | | | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 2883,5 | |
| Хоз материал | 2222 | 4700 | |
| Машина жана жабдуулар | 3111 | 5322,1 | |
| Жалпысы: | | 14205,6 | |
| Билим берүү (орто мектеп) | | | |
| Учурдагы ремонт | 2221 | 3000,0 | |
| Ар түрдү чыгым | 2215 | 1673,0 | |
| Жалпысы: | | 4673 | |
| Билим берүү (балдар бакчасы) | | | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 200,0 | |
| Учурдагы ремонт | 2221 | 105,4 | |
| Жалпысы: | | 305,4 | |
| Бардыгы бюджет: | | | |
| Билим берүү атайын каражат (балдар бакчасы) | | | |
| Тамак аш | 2218 | 2489,9 | |
| Жалпысы атайын каражат: | | 2489,9 | |
| Бардыгы бюджет жана атайын каражат: | | 25900,4 | |

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**17.01. 2025 № 4-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмү тарабынан даярдалып,айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2025-жылга индикативдик божомолуна ылайык даярдалып,айыл өкмөтү тарабынан сунуш кылынып айыл өкмөтү аймагындагы мекеме ишканалардын жетекчилерин катышуусу менен атайын туруктуу комиссияда талкуулап, айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары тарабынан жактырылып, Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндөгү маселесин айылдык кеңештин депутаттары карап жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетин киреше булактары жана чыгаша бөлүгүн каржылоого каражаттар № 1- тиркемеге ылайык белгиленсин.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-2026-2027-жылдарга айылдык бюджетин негизги параметрлерин болжолу жактырылсын. 2025-2026-2027-жылдарга Республикалык бюджетинен берилүүчү теңдөөчү гранттын болжолу 2025-жылга 23165,4миң сом, 2026-жылга-23165,4 миң сом,2027-жылга 23165,4 сомго белгиленсин жана тактоого алынсын.
3. Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акыга,социалдык фондуна, тамактануу жана женилдиктерге) ошондой эле коммуналдык чыгымдарды каржылоо боюнча жүргүзүлсүн, чыгашалардын корголгон беренелери боюнча штаттык сандагы бош орундарга жана нормативдик актылардын кабыл алынышына байланыштуу азайтырылышы мүмкүн. Чыгашалардын корголгон беренелерин каржылоо үчүн жоопкерчилик Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүн каржы бөлүмүнө жүктөтүлсүн.

4. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жетекчилиги төмөнкүлөргө укукту.

-эгерде бул айылдык бюджеттин киреше бөлүгүн азайттууга алып келбесе,ушул токтомдун 1-пунктунда бекитилген суммалардын чектеринде ушул токтомдун № 1-тиркемесине өзгөртүү киргизүүгө:

-кирешелердин болжолдонгондон ашыкча түшүүлөрүнүн эсебинен айылдык бюджеттин чыгаша бөлүгүн карап чыгууга:

-киргизилген өзгөртүүлөр айылдык кеңеш тарабынан каралат жана кабыл алынат:

5. Айылдык бюджетке кирешеден чегерелүүлөр кирешелерден алынуучу салык (подоход налог) боюнча 90,0% боюнча жана роялти боюнча 50,0 % өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин. Транспорт салыгы , жер салыгы ,патенттерден түшүүчү киреше , КБФнун ижара акысы , кыймылсыз мүлк салыгы толугу менен 100,0 % өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин.
6. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу болгон жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитеттери менен келишим түзүлсүн жана жайыт жерлеринен пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн № 14152200 «Жайыт жерлеринен пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр» беренесине толугу менен чегерилсин.
7. Жайыт жерлеринен пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдүн 3төн 2 бөлүгү жайыт комитеттеринин чыгашаларына, калган бир бөлүгү айыл өкмөтүнүн социалдык маселелерин чечүү үчүн жумшалсын, же болбосо жайыт маселелерин чечүү үчүн жайыт комитетинин эсебине которуп берилсин.
8. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн атайын каражаттарынын ,казыналык системасынан тышкары пайдалануусуна тыюу салынсын. Балдар бакчаларындагы айыл өкмөтүнүн бюджетинен бир балага күн сайын салым 55 сом өлчөмүндө белгиленсин.
9. Дөбө-Коргон айыл аймагына караштуу Лангар, Интернационал, Жаңы-Абад, Жаңы-Жол, Кесов, Чертик, Арап, Тепе-Коргон, Уйгур-Абад, Какыр-Пилтан айылдарына бардыгы болуп 10 айыл башчы штаты жана келишим негизинде 8 штат белгиленсин.
10. Бул токтомду аткарылышын көзөмөлдөө жана бюджетти толуктоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерге көмөк көрсөтүү айылдык кеңештин туруктуу бюджет комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин
2-чакырылыш 4- сессиясынын
02-токтомуна № 1 тиркеме

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-2026-2027-жылдарга кирешелердин планы:

**КИРЕШЕЛЕР:**

| **Кирешенин аталышы** | **2025-ж** | **2026-ж** | **2027-ж** |
|---|---|---|---|
| Киреше салыгы (подоход налог) | 22212,0 | 24811 | 28087 |
| Муниципальдык мүлк арендасы | 20,0 | 20,0 | 20,0 |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструк, өнүктүрүү | 28.1 | 28.1 | 28.1 |
| Ыктыярдуу патент | 1490,0 | 1490 | 1490 |
| Кыймылсыз мүлк салыгы | 324,8 | 324,8 | 324,8 |
| Транспорт салыгы | 2900,0 | 2900,0 | 2900,0 |
| Физикалык тараптардын жер салыгы | 701,8 | 701,8 | 701,8 |
| Юридикалык тараптардын жер салыгы | 2632,4 | 2632,4 | 2632,4 |
| Айыл чарбасы эмес жерлердин жер салыгы | 1240,0 | 1240,0 | 1240,0 |
| Роялти | 15,0 | 15,0 | 15,0 |
| Жер асты байлыктарын пайдалануу укугуна лицензия кармоо | 300,0 | 300,0 | 300,0 |
| Муниципалдык мүлктөрдүн арендасы | 136,0 | 136,0 | 136,0 |
| Жайлоо жерлеринин арендасы | 445,0 | 445,0 | 445,0 |
| ФПС жерлеринин аренда акысы | 3247,0 | 3247,0 | 3247,0 |
| Таштандыларды ташуу төлөмү | 653,0 | 653,0 | 653,0 |
| Атайын каражаттар | 6600,0 | 6600,0 | 6600,0 |
| Айыл чарбасы эмес жерлерди сатуу | 125,0 | 125,0 | 125,0 |
| Тендештирүүчү грант | 23165,4 | 23165,4 | 23165,4 |
| **Бардыгы:** | **66235,5** | **68834,5** | **72110,5** |

**ЧЫГАШАЛАР:**

| **Чыгалардын аталышы** | **2025-ж** | **2026-ж** | **2027-ж** |
|---|---|---|---|
| Аппарат | 17598,0 | 17598,0 | 17598,0 |
| Айыл чарбасы | 2450,0 | 2450,0 | 2450,0 |
| ЖКХ | 6931,0 | 9530,0 | 9530,0 |
| Жайыт | 445,0 | 445,0 | 445,0 |
| Маданият | 7633,0 | 7633,0 | 7633,0 |
| Билим берүү | 29867,0 | 29867,0 | 29867,0 |
| Социальдык жардам | 1311,5 | 1311,5 | 1311,5 |
| **Бардыгы:** | **66235,5** | **68834,5** | **72110,5** |

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**17.01. 2025 № 4-3** **Кайрагач-Арык айылы**

### Дөбө-Коргон айыл аймагынын Бостон участогунда Бостон айылы статусун берүү жөнүндө.

Дөбө-Коргон айыл аймагынын Бостон участогунда жашаган тургундар Бостон айылы статусун берүү боюнча жазган сунушу Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап **токтом кылат.**

1.Бостон участогунда жашаган тургундар Бостон айылы статусун берүү боюнча жазган сунушуна макулдук берилсин.

2.Документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**17.01. 2025 № 4-4** **Кайрагач-Арык айылы**

### Кайрагач-Арык айылында жашоочу М.Нишановдун арызы жөнүндө.

Кайрагач-Арык айылында жашоочу М.Нишановдун жашап турган үйүнөн калктын пайдалануусу үчүн “Мир” насостук станциясын кайра ишке түшүрүү максатында 0,09 га жер ажыратып бергенине байланыштуу , ошол жерин ордуна турак жай куруугa жер көрсөтүп берүүнү суранган арызы Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап,**токтом кылат:**

1. Кайрагач-Арык айыйлында жашоочу М.Нишановдун арызы каралып жашап турган үйүнөн “Мир” насостук станциясын кайра ишке түшүрүү максатында 615 чарчы метр жер аянтын ажыратып бергендигине байланыштуу ордуна турак жай куруугa башка жерден жер ажыратып берүү айыл өкмөтүнө сунушталсын.
2. Бул токтом боюнча документтерин даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук жана жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы**

**17.01. 2025 № 4-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан "Мир" суу насостук станциясын калктуу конуштан 615,0 чарчы метр жер аянтын социалдык өндүрүш багытына өткөрүп берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан "Мир" суу насостук станциясын калктуу конуштан 615,0 чарчы метр жер аянтын социалдык өндүрүш багытына өткөрүп берүү Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан талкуулап, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында жайгашкан мурдагы Ленин колхозу убагында курулган "Мир" насостук станциясы жеке менчиктен 615,0 чарчы метр жер аянты муниципалдык менчикке өткөндүгүнө байланыштуу социалдык өндүрүш багытына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2.Бул боюнча документ иштерин аткаруу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети айылдык кеңешинин туруктуу мыйзамдуулук комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **А.Сатвалдиев**